DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2020

*Калбаев Б.А.*

# КМШ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН УКУКТУК СИСТЕМАСЫНЫН АЛКАГЫНДА «ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК» ТҮШҮНҮГҮНӨ БОЛГОН ЗАМАНБАП ЫКМАЛАР

*Калбаев Б.А.*

# СОВРЕМЕННЫЕ ПОДХОДЫ К ПОНЯТИЮ «НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИЙ» В РАМКАХ ПРАВОВОЙ СИСТЕМЫ СТРАН СНГ

*B.A. Kalbaev*

# MODERN APPROACHES TO THE CONCEPT OF «MINORS» WITHIN THE LEGAL FRAMEWORK SYSTEMS OF CIS COUNTRIES

*УДК: 343.137.5*

*Макалада автор тарабынан КМШ өлкөлөрүнүн укук системасынын алкагында «жашы жете элек» түшүнүгүнө болгон аныктамаларды анализдөө аракети жүргүзүлгөн. Жашы жете элек адамдарды атоодо анын колдонуусунан көз каранды болгон терминологиялык көп варианттуулук белгиленет, булар төмөндөгүдөй түшүнүктөр «бала», «балдар», «жашы жетпеген», «өспүрүм», «жашы жете элек» деп автор тарабынан баса белгиленген – бул болсо көп деңгээлде бул жаш курактардын хронологиялык чектерин аныктоодогу айырмачылыктар менен байланышкан. «Жашы жете элек» түшүнүгүн бири бири менен өз ара байланышкан үч ыкма менен кароо зарыл: укуктук мамилелердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, болгон социалдык экономикалык мамилелерди эске алуу менен, жашы жете элек адамдын психофизилогиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен деген автордун тыянагы келтирилген. КМШ өлкөлөрүндө «жашы жете элек» түшүнүгү укуктун дээрлик бардык тармактарында колдонулуп, анын өзгөчөлүгү ар кандай шарттар менен байланышкан, алардын арасында жөнгө салуу предметинин жана улуттук мыйзам чыгаруучулугунун өзгөчөлүгү менен байланышат.*

***Негизги сөздөр**: бала, жашы жете элек, мыйзамдар, жөнгө салуу, КМШ өлкөлөрү, өзгөчөлүгү, жашы, психофизиология, психология.*

*В статье автором предпринята попытка проведения анализа понятия «несовершеннолетний» в рамках правовой системы стран СНГ. Подчеркивается, что при обозначении лиц, не достигших своего совершеннолетия, употребляется, как правило, терминологическая многовариантность, зависящая, прежде всего, от сферы их использования, это такие понятия, как: «ребенок» «дети», «малолетний», «подросток», «несовершеннолетний» - это связано в большей степени от различий в определении хронологических границ данных возрастов. Исходя из проведенного исследования, автором делается вывод, что понятие «несовершеннолетний» следует рассматривать с трех его взаимосвязанных подходов: с правовой позиции, с учетом социально-экономических отношений, с учетом психофизиологических особенностей несовершеннолетнего лица. Относительно стран СНГ указывается, что понятие «несовершеннолетний» применяется практически во всех отраслях права, и его специфичность обусловлена рядом обстоятельством, это особенность предмета регулирования и особенность национального законодательства этих стран.*

***Ключевые слова:** ребенок, несовершеннолетний, законодательство, регулирование, страны СНГ, особенность, возраст, психофизиология, психология.*

*In the article, the author made an attempt to analyze the concept of «minor» in the framework of the legal system of the CIS countries. It is emphasized that when designating persons under the age of majority, terminological multivariance is used, as a rule, depending primarily on the scope of their use, such concepts as: «child», «children», «young child», «teenager» , «Minor» - this is due to a greater extent to differences in the definition of the chronological boundaries of these ages. Based on the study, the author concludes that the concept of "minor" should be considered from three of its interrelated approaches: from a legal position, taking into account socio-economic relations, taking into account the psychophysiological characteristics of the minor. Regarding the CIS countries, it is indicated that the concept of "minor" is used in almost all branches of law, and its specificity is determined by a number of circumstances, this is a feature of the subject of regulation and a feature of the national legislation of these countries.*

***Key words:** child, minor, legislation, regulation, CIS countries, peculiarity, age, psychophysiology, psychology*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Түрдүү булактар тастыктагандай өзүнүн жашы жете элек адамдарды атоодо, эреже катары, анын колдонуусунан көз каранды болгон терминологиялык көп варианттуулук белгиленет.

Алгач, укуктагы мындай түшүнүктөр тууралуу кеп болот: бала, балдар, жашы жетпеген, өспүрүм, жашы жете элек. Бул түшүнүктөр жөнгө салынуусунун предметине жараша укуктун көптөгөн тармактарында өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ болгондугу шексиз. Ошого байланыштуу Н.Е. Борисованын мындай ой пикири эң туура деп эсептелет: «... укуктагы жаш боюнча критерийлердин максатка ылайыктуулугу тууралуу суроого жооп Конституцияга ылайык балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу даражасынан гана эмес, ошондой эле анын жоопкерчилигинин өлчөмүн аныктоодон да көз каранды» [1, 22-б.].

Бул суроо боюнча бар болгон адабияттар мыйзам чыгаруучулуктун нормаларында бар болгон жоболордон айырмаланып башка чөйрөлөрдө бирдиктүү ыкмалардын жок болгондугун тастыктайт [2, 43-53-бб.]. Бул болсо көп деңгээлде бул жаш курактардын хронологиялык чектерин аныктоодогу айырмачылыктар менен байланышкан.

Мисалы, психологияда өспүрүмдүк жашка 10-11 жаштан 14-15 жашка чейин, ал эми психиатрияда 14-18 жашты киргизет. Ал эми педагогика чөйрөсү боюнча эки звенолук градация басымдуулук кылгандыгы байкалат: а) өспүрүмдүк жаш 11-14 жаш; б) жогорку мектеп мезгили 15-18 жаш. Бирок, ошону менен биргеликте, улан балдардан айырмаланып, улан кыздардын өспүрүмдүк жашы эки жылга эрте аяктагандыгы айтылат [3]. Андан сырткары, энциклопедиялык сөздүктөрдөгү балдардын жаш курагы боюнча мезгилдер да айырмаланып, бул орто мектеп жашы – 12ден 14кө чейин жана улук мектеп жашы 14төн 17 жаш болуп эсептелет [3]. Башкача айтканда жалпы көз караш менен караганда, анда жалпы илимдерде укук таануудан айырмаланып жаш курактардын классификациясы адамдын психофизиологиялык абалынын өзгөчөлүгүн эске алууга негизделет.

Жаш курактарынын градацияларынын критерийлерине БСУнун (Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму) эл аралык эксперттери жыныстык өрчүү жана жыныстык жетилгендиктик киргизет. Ошондуктан, өспүрүмдүк жашты эки маңыздуу мындай мезгилдерге бөлөт: биринчиси 10-15 жаш, экинчиси 16-20 жаш [3].

Санариптик жогорудагы көрсөткүчтөр белгилегендей каралып жаткан адамдардын тобуна жаш курактык стратификациянын абсолюттук чектери байкалбайт. Бул алардын өрчүүсүнүн жалпы мыйзамдары аз эмес деңгээлде орун алган жашоо тиричилигинин шарттарынан көз карандылыгы тууралуу жобону тастыктайт [4]. Ошого байланыштуу биздин изилдөөбүзгө кызыкчылык жараткан өспүрүмдүк мезгилге жогорудагы тиешелүү. Анткени бул адамдын жашоосунун эң татаал этаптары болгондугу, өспүрүмдүн организминде жана психикасында маанилүү өзгөрүүлөрдүн, жана ошондой эле жарандык жана социалдык жетилгендиктин ортосундагы карама каршылыктардын пайда болгондугу талашсыз болуп эсептелет.

КМШ өлкөлөрүнүн мыйзамчыгаруучулугунда жашы жетилүүнүн пайда болуусу 18 жаш деп саналат. Ошондуктан КР ЖК (Жазык кодексинин) 54-главасынын 448-беренесинде (Жашы жете электер тарабынан жасалган кылмыштар жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн тартиби) бул главанын жоболору 18 жашка жетпеген адамдарга колдонулуусу көрсөтүлөт.

Эл аралык укукта жана КМШ өлкөлөрүнүн мыйзам чыгаруучулугунда «өспүрүм» түшүнүгүнүн терминологиялык аныктамасы берилген эместигин белгилеп кетүү зарыл. Белгилүү даражада бул дефиниция укук колдонуучулук түзүмдөр менен ачыкталып, өспүрүмдү эмгек чөйрөсүнүн жана жалпысынан социалдык чөйрөнүн көз карашы менен мүнөздөйт. Бул жерде кеп өспүрүмдүн 14төн 18 жашка чейин болгон жашындагы мыйзамдын негизинде эмгектенүү тууралуу болуп отурат, башкача айтканда жаштык стратификация индивиддин социалдык ролунун диапазону менен аныкталып, аны ал аткара алат, жана ошондой эле коомдогу ордун ээлейт. Албетте, коомдук илимдер боюнча окумуштуулар сунуштаган балдардын бар болгон дифференциациясы юриспруденцияда колдонулган градацияга таасирин тийгизбейт койбойт [5, 9-15-бб.].

КМШ өлкөлөрүнүн мыйзам чыгаруучулугунда жашы жете элек укуктун субъектилерин аныктоодо аларга мүнөздүү болуп «бала», «жашы жетпеген», «жашы жете элек» терминдеринин колдонулгандыгын байкайбыз. Ошону менен биргеликте жалпылаган «жашы жете элек» түшүнүгү колдонулуп, жаштык топтору боюнча мындай конкреттелет: 6 жашка чейин, 6дан 14 жашка чейин, 14төн 18 жашка чейин. 1989-жылдын 20-ноябрындагы Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 1-беренесине ылайык «...бул балага колдонулган мыйзам менен жашы жетилүүсү эрте болбосо, 18 жаш курагына жете элек ар бир адам заты бала болуп саналат» [6, 23-37-бб.].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Бир катар булактардын талдануусу колдонулган терминдер окумуштуулар тарабынан талкууланган социалдык көйгөйдүн контекстинен көз каранды [5, 9-15-бб.]. Ошого байланыштуу, Е.М. Рыбинский тарабынан жаштыктын социалдык феномени жалпысынан мамлекет жана коом балдардын өрчүүсүнө жана жашоосуна жетиштүү жана адилеттүү шарттарды түзүүсү милдеттүү болгон белгилүү мамлекетте жана коомдогу балдардын ролун, абалын жана ордун аныктагандыгы адилеттүү көрсөтүлөт. Ал үчүн мамлекеттин ар бир адамдын укуктарын коргоо үчүн тийиштүү социалдык саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу маанилүү [7, 42-б.].

Андан сырткары, түрдүү булактардын талдоосунан «бала» түшүнүгү менен анын төрөлүүсүнөн жашы жетилүүсүнө чейинки мезгил камтылат. Мисалы, үй бүлө укугунун тармагында «бала» түшүнүгү жаш курактык градацияны аныктоого, ата энелер, алардын ордун алмаштырган адамдардын ортосундагы юридикалык маанилүү байланышты белгилөө үчүн колдонулат.

Каралып жаткан терминологиялык түшүнүктөр ортосунда теңдик белгисин коюуга мүмкүн эместигине карабастан, алар бар болуу укугуна ээ, анткени алар мыйзамчыгаруучулук чөйрөдө колдонулат. Албетте, тийиштүү аныктамаларды түзүү үчүн адамдардын бул категориясын мүнөздөгөн белгилер аныкталуусу милдеттүү. Мындай жаш курактын топторунун тагыраак аныкталуусу КМШ өлкөлөрүнүн жарандык мыйзамчыгаруучулугунда камтылган. Анын жоболоруна ылайык, жаша жетпегендер жаш курагы 14 жашка чейин адамдар, ал эми жашы жетелектер 14төн 18 жашка чейинкилер.

Жарандык мыйзам чыгаруучулукка ылайык, 14 жашка жеткен адамдар ишкердик менен иш кылууга, өзүнүн кирешесин сарптоого, келишим түзүүгө, насыялык мекемелерге салым жасоого укуктуу болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Бул мындай адамдын деликтке мүмкүнчүлүгүн бекитилүүсү тастыктап, бул жаштан жашы жете элекке жарандык укуктук жоопкерчиликтин нормаларынын колдонулуусун мүмкүн экендигин билдирет [2, 43-53-бб.].

«Жашы жетпеген» атайын термини биринчи жолу жарандык мыйзамчыгаруучулукта киргизилгендигин, жана андан соң укуктун башка тармактарында чагылдырылгандыгын белгилеп кетүү маанилүү [5, 9-15-бб.]. Мисалы, КМШ өлкөлөрүнүн жазык мыйзам чыгаруучулугунда жазасынын өтөлүүсүнүн кийинкиге жылдырылуусу жалгыз гана кош бойлууларга эмес, ошондой эле жашы жетпеген 14 жашка чейинки балдары бар аял кишилерге да колдонулат.

Ошону менен биргеликте, жазык укугунда «жашы жете элек» термини – кылмыштан жабырлануучу жана кылмыш жасаган адам – эки маанисинде колдонулат.

Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан жазык мыйзам чыгаруучулугунда жашы жете электердин жазык жоопкерчилигине арналган бөлүм камтылган. Нормалардын аталышы жана мазмунунан жазык кодексинин бул звеносу жазык жоопкерчилигинин суроолоруна, башкача айтканда жашы жете электерге аныкталган жазанын түрлөрүнө, жазаны белгилөө жана андан бошотуу жана башка суроолоруна арналгандыгы көрүнүп турат.

Жашы жете электердин жазык жоопкерчилиги КМШнын башка өлкөлөрүндө да бекитилип, адамдардын бул категориясы үч градацияга бөлүнүп, биринчисине, жазык жоопкерчилигине тартылбагандар (14 жашка чейин), экинчисине, оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчилиги бар (14-16 жаш), үчүнчүсүнө, жалпы негиздерде жазык жоопкерчилигине тартылгандар (16 жашка жеткендер) кирет.

Жаш курактык стратификациянын мындай дифференциациясы албетте бир катар критерийлер менен шартталган. Ошол себептен О.В: Садинанын мындай көз карашы менен бардык авторлор пикирлеш: «...Жашы жетилүү мамлекет тарабынан жөнөкөй түрдө аныкталбай, бул жаш куракта адам керектүү болгон физикалык жана психикалык жетилүүсүнө жетүүсүнүн, айлана чөйрөсүндө курчаган чындыкты адекваттуу түрдө баалоого мүмкүн болуусунун жана өзүнүн тандоосу жана мыйзамга ылайык белгилүү укуктарды жана милдеттерди ишке ашыруу менен өзүнүн аракеттерин жетектөөсүнүн негизиндеги көз караш менен аныктайт» [8, 17-б.].

Бирок, ошону менен биргеликте, «жашы жете элек» түшүнүгү, эреже катары, укуктун тармактарында гана илимий катары колдонулуп, башка тармактарда мындай түшүнүк колдонулбайт.

Мыйзамдын маңызы боюнча «жашы жете элек» – толук жарандык аракетке жөндөмдүүлүк, башкача айтканда өлкөнүн Конституциясы жана башка мыйзамдар менен каралган субъективдик укуктар, эркиндиктер жана юридикалык милдеттерди толук көлөмдө ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү менен мыйзам байлаган белгилүү жашка жеткен адам».

Е.В. Марковичева мындай деп негиздүү көз карашын билдирет: «... мамлекет жашы жете электерге багытталып тарбиялык таасирдөө чарасын көп учурда колдонот, ал эми алардын милдеттерин аткарылбагандыгы үчүн санкцияларды мыйзамдуу өкүлдөрүнө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



колдонот. 6 жаштан кичине жашы жетпегендерде толугу менен аракетке жөндөмдүүлүгү жок, ал эми 6 жаштан 14 жашка чейинкилер бир бөлүктүү аракетке жөндөмдүүлүккө ээ. Жашы жете электердин бул категориясы тарабынан тийгизилген зыян үчүн алардын ата энелери, бала асырап алгандар, камкорчулар эгерде алардын күнөөсү менен болбогондугун далилдесе жоопкерчиликке тартылат. Ошондой эле милдетти тийиштүү тарбиялык, дарылоочу жана мыйзамга ылайык жашы жетпегендерге камкордук аткарган башка социалдык мекемелер аткарат» [9, 32-б.].

Жашы жете элек жабырлануучу болгон учурда кошумча татаалдыктар пайда болот. Мисалы, жашы жетпегендерди бузуу, жашы жетелектерди зордуктоо, жашы жетелектерди уурдоо жана башкалар.

Ошону менен биргеликте жазык процесстик илимде жана криминалистикада авторлор тарабынан түрдүү булактарда материалдарды жазууда, көп учурда «жашы жетпеген» термини колдонулат, бирок, эреже катары, жаш курактык параметрлер белгиленбейт, же алар түрдүү болуп эсептелет. Мисалы, сурак өндүрүшүнүн тактикасы тууралуу кеп кылсак В.Гвардовская жана И. Рязанов мындай деп жазышат: «... жашы жетпеген күбөнү сурак жүргүзүүдө милдеттүү түрдө педагог чакырылат, ал эми 14 жаштан 16 жашка чейин – тергөөчүнүн көз карашы менен чечилет» [10, 30-б.].

Аны менен биргеликте, Н.П. Новикованын ой пикири маанилүү: «...18 жаш курагы жашы жетилүүнүн чеги катары эсептелүүсү шарттуу болуп эсептелет, анткени конкреттүү адамдын инсандыгы мыйзамда камтылган юридикалык жетилүүнүн моменти тууралуу түшүнүккө дал келбеши мүмкүн. Өспүрүм өзүнүн өрчүүсүндө артта калуусу, тескерисинче өзүнүн жашынан алдында болуусу мүмкүн. Мындай өзгөчөлүктөр конфликттерди жаратат. Өрчүүсүндө артта калып, кылмыштын жабырлануучусу, «акселерат», же тескерисинче, айланасындагыларга жаш курагы менен коюлган жогорулатылган талаптарга ээ болуп туруп, өзү мыйзам бузуусу мүмкүн» [11, 22-б.].

Мындай ыкмаларды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоочу мыйзамчыгаруучулуктун нормалары келип чыгуусу тууралуу пикирге келебиз.

Ошентип, жасалган талдообуз буларды көрсөтөт:

1. «Жашы жете элек» түшүнүгүн бири бири менен өз ара байланышкан үч ыкма менен кароо зарыл: *биринчиден,* жашы жете электин жашоосунун ошол этабында орун алган укуктук мамилелердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен укуктун түрдүү тармактарында мыйзамчыгаруучулук жаш курактык стратификацияны жөнгө салган укуктук көз караш менен. *Экинчиден,* анын өрчүүсүнө жана инсан катары калыптануусуна таасирин тийгизген пайда болгон социалдык экономикалык мамилелерди эске алуу менен. *Үчүнчүдөн,* жашы жете элек адамдын психофизилогиялык өзгөчөлүктөрү менен шартталган.

2. Нормативдик укуктук актыларда «жашы жетпеген» жана «жашы жетелек» терминдери жашы жеткендер менен ата энелер жана аларды алмаштырган адамдар менен укуктук байланышка ээ болгон адамдардын ортосунда чекти аныктаган, жана ошондой эле өзүнүн жашоосунун бул мезгилинде мамилелерге кирген укуктун түрдүү тармактары менен каралган укуктук мамилелердин өзгөчөлүгүн аныктоочу катары түшүндүрүлөт.

3. КМШ өлкөлөрүндө «жашы жете элек» түшүнүгү укуктун дээрлик бардык тармактарында колдонулуп, анын өзгөчөлүгү булар менен шартталат: *биринчиден,* алардын укуктук жөнгө салуу предмети менен, *экинчиден,* бул терминологиялык түшүнүк эл аралык укуктун эмес, ар бир өз алдынча алынган мамлекеттин улуттук мыйзамчыгаруучулугунун жаратылуусу болуп эсептелет, *үчүнчүдөн,* бул жалпы юридикалык түшүнүккө мыйзамчыгаруучу Конституцияда жана мамлекеттин башка мыйзам чыгаруучулугу менен бекитилген субъективдик укуктарды жана эркиндиктерди, жана ошондой эле юридикалык милдеттерди толук көлөмдө ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү менен байлаган белгилүү жаш куракка жетпеген адамдарды категориясы кирет, *төртүнчүдөн,* каралып жаткан түшүнүктүн өзгөчөлүгү жашы жете электер менен мамлекеттин ортосундагы пайда болгон укуктук мамилелердеги өзгөчө атайын укуктарга жана милдеттерге ээ болгон жашы жете электердин топчосунун стратификациясы аныкталгандыгында.

4. Укуктун ар бир тармагы жашы жете электин конкреттүү укуктук мүмкүнчүлүктөрүн камтыгандыгы шексиз, анын алкагында алар ишке ашырылуусу мүмкүн жана укуктун өз алдынча субъектиси боло алат. Дал ошол көп түрдүүлүк жана тармактык өз алдынча бөлүнүүсү ар бир юридикалык илимдин маселелеринин бири катары каралып жаткан адамдардын бул категориясын укуктун тигил же бул чөйрөсүнүн өзгөчө субъектиси катары алардын укуктук статусунун концепциясын теоретикалык негиздөөсүнүн зарылдыгын шарттайт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**Адабияттар:**


1. Борисова Н.Е. Конституционные основы правового положения несовершеннолетних в Российской Федерации (Проблемы теории и практики): Дисс. ... д-ра юр. наук: 12.00.02. - Москва, 2004. - 379 б.
2. Исаева К.А., Каженова А.С. Актуальные проблемы защиты прав и интересов несовершеннолетнего в контексте реформирование УПК в отдельных странах СНГ // «Полицейская деятельность» журналы. - 2019. №1. - 43-53-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.nbpublish.com/library_read_article.php?id=26884
3. Медициналык энциклопедия. - М., 1991-1996 гг. 6 том. - 613 б.
4. Ларина М.Н. Медицинская помощь подросткам // Первая краевая. - №13. 2002, апрель.
5. Исаева К.А., Абдукаримова Н.Э., Воронцова И.Н. К вопросу об отдельных тенденциях и реформирования уголовно-процессуального законодательства в странах СНГ. // «Полицейская и следственная деятельность» журналы. - 2018. - №2. - С. 9-15. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: // https://www.nbpublish.com/libraryread_article.php?id=26774.
6. Занков Л.В. Опыт психологического изучения школьников в составе педагогического исследования. // Вопросы психологии. - 1971. - №2. - 23-37-бб.
7. Рыбинский Е.М. Детство как социальный феномен. - М.: НИИ Детства РДФ, 1998. - 84-б.
8. Садина О.В. Правовой статус несовершеннолетнего в российском законодательстве: теоретико-правовой анализ: дисс. ... канд.юрид. наук: 12.00.01. - Саранск, 2009. - 205 б.
9. Марковичева Е.В. Правовое обеспечение прав несовершеннолетних в Российской Федерации: дисс. ... канд. юр. наук: 12.00.01. - Коломна, 2003. - 201 б.
10. Гавердовская В., Рязанов И. Допрос несовершеннолетних при расследовании преступлений против половой неприкосновенности. // Законность. - 2007. - №9. - 28-33-бб.
11. Новикова Н.П. Конституционно-правовые основы взаимодействия государственных органов и общественных объединений по защите прав несовершеннолетних на уровне субъектов РФ: дисс. ... канд. юр. наук: 12.00.02. - Саратов, 2010. - 238 б.